КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫНЫН КҮН ТАРТИБИ

Өткөрүү убагы : « 15 » сентябрь айы 2025 ж. саат 10.00
Өткөрүлүүчү жер : Мэриянын кичи залы

1. **№70** Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын чечими жөнүндө.

2. **№71** Балыкчы шаарына караштуу Ак-Өлөң калктуу конушунда жаны курулуп бүткөн бала бакчаны атоо жөнүндө.

3. **№72** “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына 0,05га жер тилкесин которууга макулдук берүү жөнүндө

4. **№73** “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына 1,0га жер тилкесин которууга макулдук берүү жөнүндө.

5. **№74** Ак-Чий участогунда жайгашкан жалпы аянты 31,0 жер тилкесин Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө.

6. **№75** Боз-Бармак участогундагы жалпы аянты 19,48 га жер тилкесин Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө.

7. **№76** Кара-Талаа участогунда жайгашкан жалпы аянты 0,40 га жер тилкесин Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө.

Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ
БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 15- сентябрь айы №70

Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын чечими жөнүндө

Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына келип түшкөн кайрылуулардын негизинде комиссиясынын сунушун карап, талкуулап, шаардык Кеңештин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 1-январына карата эркин калдыктын эсебинен жана кирешелер бөлүгүнүн алты (6) айдын ашыкча аткарылышынын эсебинен, Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына, Балыкчы шаардык жалпы дарыгердик практика борборундагы эки кабаттуу болгон имаратты капиталдык ремонт кылууга 30747549 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгүнүн алты (6) айдын ашыкча аткарылышынын эсебинен спорттук форма алууга 330,0миң сом акча каражаты Балыкчы шаардык спорт жана дене тарбия бөлүмүнө бөлүнүп берилсин.

3. Балыкчы шаарынын мэриясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын

4. Бөлүнгөн акча каражатынын суммасын белгиленген максатта пайдалануу, координациялоо жана маалымат берүү жагын КР финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги - К.Кожомбердиевге тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге жана шаардык кеңештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Кеңештин төрагасы **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: иш кагаздарына- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ
БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 15- сентябрь айы №71

Балыкчы шаарына караштуу Ак-Өлөң калктуу конушунда жаны курулуп бүткөн бала бакчаны атоо жөнүндө.

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын № 01-13/6713 жана шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2025-жылдын 5-сентябрындагы № 01-5/419 каттарынын негизинде Балыкчы шаарынын “чегиндеги аталыштарды өзгөртүү жөнүндөгү” жобосуна ылайык, “Балыкчы шаарынын чегиндеги аталыштарды өзгөртүү“ боюнча коомдук комиссиясынын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарына караштуу Ак-Өлөң калктуу конушундагы жаны курулуп бүткөн бала бакча №12 “Алтын уя” деп аталсын.

2. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык мэрияга тапшырылсын.

Кенештин төрагасы **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия, ББББ-2, Кадастр-1.,ММК-1, мамкаттоо-1

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ
БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 15- сентябрь айы №72

“Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына 0,05га жер тилкесин которууга макулдук берүү жөнүндө

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 9-сентябрындагы № 01-13/6700 кайрылуусун жана курулуш, архитектура, муниципалдык менчик, коммуналдык чарба, өнөр жай жана транспорт, ишкерликти өнүктүрүү боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын Ак-Өлөн айылынын түштүк тарабында “Ак-Жал”участогунда № 952 контурда жайгашкан “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын 0,35га жайыт түрүндөгү жер тилкесинин ичинен 0,05га жер тилкесин “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

3. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын

Кеңештин төрагасы **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММБ-1, ММК-1, мам.каттоо-2

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ
БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 15- сентябрь айы №73

“Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына 1.0га жер тилкесин которууга макулдук берүү жөнүндө

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 3-сентябрындагы № 01-13/6509кат менен жазган кайрылуусун жана курулуш, архитектура, муниципалдык менчик, коммуналдык чарба, өнөр жай жана транспорт, ишкерликти өнүктүрүү боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын Көк-Мойнок-1 айылынын чыгыш тарабынын Чүй суу боюнда участогунда жайгашкан “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын жайыт түрүндөгү 1,0га жер тилкесин “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

3. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын

Кеңештин төрагасы **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММБ-1, ММК-1, мам.каттоо-2

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ
БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 15- сентябрь айы №74

Ак-Чий участогунда жайгашкан жалпы аянты 31,0 жер тилкесин Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө.

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 01-13/6871 кайрылуусун жана курулуш, архитектура, муниципалдык менчик, коммуналдык чарба, өнөр жай жана транспорт, ишкерликти өнүктүрүү боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын түштүк батыш тарабында Ак-Чий участогунда контур №160 жайгашкан идентификациялык коду: 2-07-07-0010-1321 жалпы 31,0 га жер аянтын Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин
2. Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына: аталган обьектини муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.
3. Балыкчы шаарындагы “Газпром нефть Азия” ишканасынын нефтебазасын көчүрүү убагында бузулган жерлерди жана жаратылыш ресурстарын максаттуу багыты боюнча пайдаланууга жарактуу абалга келтирүү, багытталган калыбына келтирүү жана жакшыртуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү Балыкчы шаарынын мэриясына тапшырылсын.
4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.
5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

Кеңештин төрагасы **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММБ-1, ММК.-1, мам.каттоо-2

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ
БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 15- сентябрь айы №75

Боз-Бармак участогундагы жалпы аянты 19,48 га жер тилкесин Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө.

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 01-13/6871 кайрылуусун жана курулуш, архитектура, муниципалдык менчик, коммуналдык чарба, өнөр жай жана транспорт, ишкерликти өнүктүрүү боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын түштүк батыш тарабында жайгашкан Боз-Бармак участогундагы контур № 217 жайгашкан идентификациялык коду: 2-07-07-0010-1320 жалпы 19,48 га жер аянтын Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин

2. Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына:
3. аталган обьектини муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.
4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.
5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

Кеңештин төрагасы **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММБ-1, ММК.-1, мам.каттоо-2

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ
БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ XV–СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 15- сентябрь айы №76

Кара-Талаа участогунда жайгашкан жалпы аянты 0,40 га жер тилкесин Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө.

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 01-13/6870 кайрылуусун жана курулуш, архитектура, муниципалдык менчик, коммуналдык чарба, өнөр жай жана транспорт, ишкерликти өнүктүрүү боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын батыш тарабындагы Кара-Талаа участогундагы контур № 897 жайгашкан идентификациялык коду: 2-07-07-0005-0138 жалпы 0,40 га жер аянты Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин

2. Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына:
3. аталган обьектини муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.
4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.
5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

Кеңештин төрагасы **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММБ-1, ММК.-1, мам.каттоо-2